| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз алтынчы сессиясы

ТОКТОМ №6-1

Мундуз айылы 13-январь 2025-жыл

**Бостон айылындагы жер аянтын бир багытынан башка багытка которуу жөнүндө**

Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 18-декабрындагы чыгыш № 06-7/6796 сандуу кайрылуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жана Кызыл-Туу айылдык кеңешинин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 8-январындагы биргелешкен отурумунун протоколун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнө караштуу Бостон айылынын батыш тарабындагы №419 контурунда жайгашкан “Айыл чарба багытындагы” жайыт жерине уулуу химикат көмүүгө 1,0 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы” жайыт жерлери категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлери” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Ушул токтомду колдоп берүү жагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз алтынчы сессиясы

ТОКТОМ №6-2

Мундуз айылы 13-январь 2025-жыл

**Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын курамына (резервине) талапкерлерди сунуштоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын борбордук шайлоо комиссиясынын Ноокен, Базар-Коргон, Сузак, Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссияларындагы атайын өкүлү М. Маматовдун 2024-жылдын 16-декабрындагы №7/36 сандуу катынын, Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 19-декабрындагы №03-3/6828 сандуу кайрылуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык Кеңешинин регламентин негиздеп, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Орто-Азия айылынын тургуну Умарбекова Тамара Калдыкбаевнаны, Ак-Баш айылынын тургуну Аттокурова Гульзада Орозалиевнаны, Ак-Баш айылынын тургуну Мурзакулова Атиргуль Калмаматовнаны Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын курамына (резервине) талапкер катары сунуштайт.

2. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**